# ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ АТЫНДАГЫ АДАБИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО МУЗЕЙИНИН АЧЫЛЫШ ТАРЫХЫ ЖАНА АНЫН СОЦИАЛДЫК-МАДАНИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**КУТМАНОВА Ж. С.**

*Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети*
**УДК: 006.91**

***Аннотация:****Макалада1980-жылдардын аягында Кыргызстандын муниципалдык музейикатары борбор калаа ал убактагы Фрунзе шаарындаТ. Сатылганов атындагы адабият музейинин ачылышы, кыргыздын маданий жана руханий өсүшүнө зор салым кошору каралган. Макалада бул музейдин азыркы заманда жаштарды тарбиялоодо орду чоң экени тастыкталат.*

***Аннотация:*** *В статье рассмотрено вклад литературного муниципального музея имени Т.Сатылганова, открытого в конце 1980-годов в городе Фрунзе, на духовное и культурное развитие кыргызского народа. Установлено, что велика роль упомянутого музея в воспитании современной молодежи.*

***Abstract:*** *This article deals with the literary contribution of the municipal museum named T.Satylganova opened in the late 1980's in Frunze, the spiritual and cultural development of the Kyrgyz people. It was established that plays an important role in the education of the said museum of modern youth.*

***Негизги сөздөр:****музей буюмдары, маданият, маданий мурас.*

***Ключевые слова:*** *вещи музея, культура, культурное наследие.*

***Keywords****: stuff museum, culture, cultural heritage*

Музейлердин учурдагы социалдык маданий вазийпасын аткаруусу алардын жалпы маданий процесстерге киргүүсүндө жана анын өзгөчө статусу маданият мекемелеринин бири гана эмес, анын сактоочусу, маданият кайра жаратуучу же чыгармачылыкта өнүгүүнү максаты кылуусунда, музей буюмдарын маданияттын бирден бир багыты катары сактап,коомдун жана адамдын кийинки өсүп өнүгүшүнө таасир этип, аларды бүгүнкү күнү жана келечекте социалдык-маданий мурас катары алып жүрүүсүндө[4].

Жаңы III миңжылдыктын башындагы терең социалдык маданий өзгөрүүлөр тууралуу философтор, культурологдор, социологдор, жана башка гуманитардык багыттагы өкүлдөрү айтып, көп сферадагы жана маданият, билим берүү институттардагы радикалдуу жаңылануунун божомолдору айтылууда.

Коомдун идеологиялык орнотмолору жана саясий багыттары да өзгөрүп, жалпы гумандуулук, убакыттан тышкаркы идеалдар адамды ар тараптуу тарбиялоонун жана анын коомдо ишке ашыруунун негизги максатына айланды.

Жаш муундардын жана жалпы эле коомдун, чөйрөнүн руханий өсүшүнө кам көрүү цивилизациянын өнүгүүсүндөгү негизги аныктоочу фактор. Бирок 1980-1990-жж. тарбия берүү иштеринин мамлекеттик тутумунун бүлүнгөндүгү байкалып, анын ордуна эч нерсе сунушталган эмес, андыктан өсүп келе жаткан жаштардын калыптануусуна курчап турган социалдык чөйрөдөгү негативдүү факторлордун күчөгөнү байкалган. Бул көрүнүштөргө туруштук берип, коомду тарбиялоодо оң натыйжаларды алуу максатында жалпы педагогикалык көйгөйлөрдү түшүнүү зарылчылыгы келип чыкты.

XX кылымдын акырында - XXI кылымдын башында коомдун өнүгүшүндөгү гумандуулук жана гуманитардык багыттарга басым жасалып, активдештирилген.

Бул процесстерде музейлердин жалпы элдик наркты таркатуучу, материалдык, руханий маданий мурастарды сактоочу катары орду чоң экени айкын.

Музейлерде өзгөчө социалдык-маданий чөйрө түзүлүп, анын негизин андагы көргөзмө жана көргөзмөдөгү нуска буюмдар түзөт. Тарыхый калыптанган музей

буюмдарынын уникалдык топтому бийик көркөм жана мезгилдин өтүүсүнө туруштук бере алган материалдык нарктагы баага ээ.

Тарыхый фактыларды, өмүр баяндарды  аныктоо менен музей адамды жогорку баалуулук катары аныктоого мүмкүнчүлүк берип, аны менен мезгилдин экономикалык жана руханий өсүшүнө баа берет.

Кыргызстанда музейлер совет убагында калыптанган жана жогоруда айтылган коомдун өсүп өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөрдү башынан өткөргөн.

1980-жылдары Кыргызстанда дагы бир музейлер тарамы түзүлө баштайт.

Ошол убактагы борбор калаа Фрунзеде шаардык музейлердин дирекциясы башкарган бир канча мемориалдык музейлер ачылган: СССРдин эл сүрөтчүсү С.А. Чуйковдун мемориалдык үй-музейи (1984-ж.), Кыргызстандагы биринчи СССРдин эл сүрөтчүсү Г. Айтиевдин Музей-чеберчилиги, Кыргызстандагы биринчи  скульптор О.М. Мануйлованын мемориалдык үй-музейи жана социалисттик эмгектин баатыры, СССРдин эл жазуучусу А. Токомбаевдин үй-музейи.

Бардык музейлер мемориалдык имараттарда жайланышкан. 1980-жылдардын акырында муниципалдык музейлердин катарын дагы эки музей толуктаган: Т. Сатылганов атындагы адабият музейи жана ачык асман алдындагы музей. Ушул эле убакта Токтогул районунда Чолпон–Ата айылында Т. Сатылгановдун мемориалдык Музейи ачылат [2, с. 10-11]. Көрөңгөлүү, терең салттуу эл өзүнүн маданий жана руханий өрүшүнө зор салым кошкон тарыхый инсандарын татыктуу баалоого тийиш.

Андыктан бул музейлеринин ачылышы улуу акын-демократ Т. Сатылгановдун 125 жылдык мааракесин өткөрүүгө туура келгендиктен, акын бабабыздын доорун, өмүрүн жана чыгармачыл мурасын иликтөө максатында  борбор шаарыбызда акындын атынан музейдин ачылышына алгач Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитетинин(мындан ары ККБК) жетекчиси А. Масалиев көңүл бөлүп, 1987-жылдын 18-июнунда Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитетинин ”Улуу акын-демократ Т. Сатылгановдун 125 жылдыгына карата” токтому чыккан. Анда 1989-жылдын 1-февралында Фрунзе шаарында бул музейди ишке киргизүү талап кылынган.

1989-жылы 21-мартында Кыргыз ССРинин маданият министрлигинин №97а “Т. Сатылганов атындагы кыргыз мамлекеттик адабият музейин түзүү жөнүндө” буйругу чыгып[2, с. 10-11], 2-пункт менен музейдин бухгалтердик жана статистикалык эсепке алуусу Мамлекеттик тарых музейге тапшырылган. Ошол эле тарых музейге чыгармачыл Кеңеш, илимий мекеме жана окуу жайлар менен биргеликте музейди көркөм жасалгалоо долбоорун, илимий концепциясын, экспозициясын жасалгалоо иштерин, түзүлүп жаткан музейдин экспозициясын сүрөтчүлөр тобун түзүү менен иштеп чыгуусу 4-пункт менен көрсөтүлгөн. Ал эми министрликтин социалдык-маданий  бөлүмүнө бул музейдин жобосунун долбоорун иштеп чыгуу каралып, мөөрүн, эсептөө иш-кагаздары боюнча тапшырык жасоо каралган. Бирок ККБК нын токтомунда жазылган  1-февралга музейди ачууга жетишпей,Кыргыз ССРинин маданият министрлиги 5-октябрда андагы борбор шаарыбыз Фрунзеде Токтогул атындагы адабият музейин ачкан.

Бул музейге берилген үй Т. Сатылгановго эч тиешеси болгон эмес, бирок ал каза болгондо анын эмгегин өкмөт баалап, кызы Гүлсайра менен баласы Бабажанды борбор калааабызга окутканы алып келишкен. Кийин Токтогулдун байбичеси балдары менен шаарга жашаганы келгенде ушул үйдө турушкандыгына байланыштуу[01, с.5] жана шаардын борборунда болгондуктан  бул үйдү Т. Сатылганов атындагы адабият музейи деп аташып, ал эми үй жайланышкан көчөнүн атын Токтогул деп атап коюшкан[01, с.5].

Ушул эле 1989-жылы Т. Сатылгановдун төрөлүп өскөн жери Токтогулда мемориалдык музейи ачылып, Токтогулга тиешелүү көп буюмдар ошол музейде калып, Бишкектеги адабият музейге Токтогулдун комузу,  сүргүндөгү сүрөтү берилген.

Музей шашылыш ачылгандыктан музей кызматкерлери негизги аракеттерин музейдин коллекциясын, экспонаттарды түзүүгө жумшашат.

Областтык, шаардык маданият башкармалыктарына Кыргызстандын көрүнүктүү адабий жана маданият ишмерлери тууралуу материалдарды чогултуу жүктөлгөн. Ал үчүн көбүнчө экспонаттар Бишкектеги музейлерден алмашуу жана кайра бөлүштүрүү ыкмасын колдонуу менен чогултулган. Көбүнчө мамлекеттик тарых музейинен алынган экспонаттар жана адабий, маданий кызматкерлердин жеке архивиндеги буюм, оокаттарын музейге чогултууга басым жасалган. Ведомстволук музейлерде мамлекеттик музейлерден, архивдик мекемелерден көчүрмө материалдар колдонулгандыктан мындай музейлер музей-транслятор катары колдонулат.

Биринчи ачылганда бул музей Токтогул Сатылганов атындагы адабият музейи деп аталган.

Музейдин биринчи директору болуп кыргыз элинин көрүнүктүү драматургу Чекиров Акимаалы дайындалган. Бардыгы болуп музейге 6 штат ачылып берилген: директор, экскурсовод, башкы илимий кызматкер, илимий кызматкер, карool, пол жуугуч[03, с.1].

Бул музейдин ачылышында автордук жамааттын негизги максаты Токтогулдун жеке буюм, оокаттары өз жериндеги мемориалдык музейде калгандыктан, кыргыз элинин көрүнүктүү адабиятка салымын кошкон адамдардын өмүр баяны, чыгармачылыгы тууралуу дубал такта даярдоо жана социалисттик революцияга чейинки ата- бабаларыбыз колдонуп келген кол жазманын түзүлүштөрүн көрсөтүп берүү жана илимий планда, адамдардын көрүү, руханий байлык алуусунда дайыма өсүп өнүгүүнү эске алуу менен экспонаттарды коюуда илимий мазмундуулугун, тарых камтуусун, музей реализимин чогуу камтуу керек деп белгилешкен. Музей экспонаттарын чындыкка жакын кылып тактоо аракети биринчи планга коюлган.

Музей ачылганда 90 күндүк жарыяланып, ушул күндөрү негизги музей экспонаттарын толуктоо, фондго кабыл алуу менен бирге музей көрүүчүлөрүнө экскурсия жүргүзүлүп, лекция уюштурулган. Биринчи токсон күндүктө музей көрүүчү жана лекция угуучулардын саны 473 кишини түзгөн. Көрүнүктүү адабият таанучулары Зыяш Бектенов менен Тазабек Саманчиндин үй архивдеринен алынып келинген материалдар музей кызматчыларынын жетишпегендигине байланыштуу фондуга кабыл алуудан токтоп тургандыгы тууралуу маалымат аркылуу [03, с.1] музейге көрүүчүлөр көп келгендиги тастыкталат.

1991-жылы СССР тарап, ажырагандыгына байланыштуу, Кыргызстан эгемендик алып, өз алдынча башкаруу формаларын калыптандырганча музей кызматкерлеринин маянасы өтө аз болгондуктан музейде иштегендер байма бай алмашылып турган.

2001-ж. Токтогул атындагы адабият деген сөзгө маданий сөзү кошулуп музейдин экспонаттары дагы толукталган.

2010-жылы музейдин ички бөлмөлөрү жетишсиз болуп бөлмө түзүлүшү реконструкцияланып, анын негизинде коллекция, экспонаттары өзгөрүүгө дуушар болгон.

Музейдин экспонаттары өлкөбүздөгү музейлердин түзүлүш эрежесине ылайык тарыхый хронологиялык принцип менен түзүлгөн жана негизги максаты болуп кыргыз элинин адабий, маданий өнүгүүсүндөгү жана илгерки булактардан баштап азыркы мезгилге чейинки ал чөйрөдө обьективдүү өнүгүү тарыхын үзгүлтүксүз тартипте көрсөтүп кетүү эле. Ал эми музей кызматкерлеринин жумушунда музей экспонаттарын толуктоо жана тарыхын изилдөө менен бирге көрүүчүлөргө маанилүү, кызыктуу кылып көрсөтмө берүү, толуктоо негизги орунду алып келген.

Бул аракеттер дагы да болсо күчүндө, адегенде быйыл Т. Сатылгановдун 150 жылдык мааракесине кызыктуу даярдык жүрүп, Токтогулдун өмүр баяны, чыгармачылыгы жөнүндө чыккан китептердеги маалыматтар кайра изилденип жатат.

Музейдин азыркы учурдагы түзүлүшү жөнүндө айтсак, кире бериш кичи бөлмөлөрдү эсептебегенде 3 бөлмөдөн турган. Ар бир бөлмөдө негизги тематикасына карата экспонаттар чогултулган алар:

1-төркү бөлмөдө. Дубал такталарда кыргыздын акын- жазуучулары Ж. Жантөшөв, К. Баялинов, Т. Сыдыкбеков, Т. Үмөталиев, А. Осмонов, К. Маликов, А. Токтомбаев, Шиваза Ясыр дунган элинин жазуучусу, Ж. Бөкөнбаев, Ж. Турусбеков, М. Элебаев жөнүндө кыскача маалымат берилген.

Түрк элдеринин орхон-энесайлык кыргыздардын балбал таштарга жазылган, аскаларга жана жыгачтарга оюу ыкмасы менен түшүрүлгөн биринчи тамгалары. Булар кыргыз элинин биздин доордогу 7-8-кылымдын маданиятынан кабар берип, жазмасынын башталышын камтыйт.

2-бөлмөдө. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы. Сынчы-адабиятчылар З. Бектенов, Т. Саманчиндин өмүр баяны тууралуу, манасчылар жана жазма мурастар жөнүндө маалыматтар орун алган.

3-бөлмөдө. Токтогулдун колдонгон комузу, өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө дубал такта (Токтогулдун камакта жаткан учурдагы сүрөтү, сотто чыгарылган мыйзамдар архивден алынып келинип) коюлган. Октябрь революциясы орнотулуп абактагылар боштондукка чыгып, бутундагы кишендери чогултулуп жыйылып турганы, абактын жалпы көрүнүшүнүн сүрөттөрү да архивден алынып келинген. Ошондой эле кыргыздардын көрүнүктүү маданий кызматкерлерине арналган дубал такталар орун алып, бул маалыматтар, экспонаттар аркылуу кыргыз элинин адабиятына, маданиятка өз өмүрлөрүн арнаган улуу инсандардын өмүр жолу, чыгармачылыгы жөнүндө маалымат алуу менен, маданият, искусствонун өсүп өнүгүүсүндөгү реалдуулукту көрө алса болот.

2014-жылы акын, насаатчы, ойчул, комузчу, композитор Токтогул Сатылгановдун 150 жылдыгын татыктуу белгилөө үчүн ар тараптуу иш-чаралар белгиленип, бул юбилейлик маарекеге даярдык көрүү максатында Токтогул Сатылганов атындагы адабият жана искусство

Музейинде экспозицияларын кайра дагы жаңыртуу иштери жүрүп, ар кайсы тематикадагы илимий иш чаралар болуп өттү.Каржы жана экономикалык камсыздоо токтогон. Жогорудагы атап өткөндөр менен бирге узак убакыт бою бул музей тармагында көйгөйлөр топтоло берди.

Музейдик иш - коомдук-мамлекеттик байланыштардын жана мамилелердин татаал түзүү системасы, анын негиздериринин жүйөгө ашырылуусу юридикалык негиздерде, каржы жана экономикалык камсыздоодо гана болот.

Тилекке каршы, жогоруда көрсеөтүлгөн аспекттер талкаланган же мезгилдин анык абалына дал келбей калган. Музейдин ачылыш тарыхын жана Кыргызстандагы музейлердин өнүгүү процессин карап туруп учурда музейлердин ачылышы, анын толуктанышы юбилейлик даталардан көз каранды болуп, ошого жараша иш жүрүп калганы байкалууда.

Азыркы убакта маданий баалулуктардын коопсуздугун сактоону камсыз кылууда бир нече бири-бири менен байланышкан көйгөйлөрдүн бөлүктөрү бар. Бул - фонддук аянттардын канаттандырарлык эмес абалы жана аянттардын жетишсиздиги, тармакты материалдык-техникалык камсыздоосунун алсыздыгы, каттоо-сактоо ишин баруудагы жана түзүүдөгү кемчиликтер, музейдин ишмердүүлүгүнүн нормативик-укуктук базасынын жетишсиздиги.

Бирок, мындай мүчүлүштүктөргө карабай Токтогул Сатылганов атындагы адабият жана искусство музейинин ачылышы жаштарды туура тарбиялоодо, тарыхый мурастарды сактоо, колдоо максатында туура ачылып, азыркы учурда да актуалдуулугун жоготкон эмес.

**Адабияттар:**


1. Ж. Исабаева. “Т. Сатылгановдун бала бакырасы.....”// Кыргыз Туусу. №29, 20-июль, 2008-ж
2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик архиви [Текст] // Ф. 2582
3. Кыргыз мамлекеттик Токтогул атындагы адабият музейинин башкы адиси С.Абдразакованын музей боюнча түзгөн доклады// Учурдагы ички архив.

http://www.dissercat.com/content/sotsialno-pedagogicheskaya-deyatelnost-kraevedcheskogo-muzeya-istoriya-teoriya-metodika#ixzz3QOCULYPt